Бөлүмдүн 2026-жылдын 9-айына карата Мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызмат чөйрөсүндө мыйзамдардын сакталышын көзөмөлдөө жана бөлүмдүн ишмердүүлүгү тууралуу маалымат

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин 2025-жылдын 12-декабрындагы № 01-25/434, буйругуна ылайык, мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат чөйрөсүндөгү мыйзамдардын сакталышы боюнча мониторинг жүргүзүү планына ылайык **20** мамлекеттик органда жана жергиликтүү өз алдынча органдарында мониторинг жүргүзүү каралган.

Агенттиктин 2026-жылдын 27-январындагы № 01-25/10 буйругу менен жогорудагы буйрукка өзгөртүүлөр киргизилген.

Жалпысынан бөлүм тарабынан 2026-жылдын 9-ай аралыгында бөлүм тарабынан: **35** мониторинг жүргүзүлгөн анын ичинен:

- пландуу мониторинг – **17**;
- пландан тышкары мониторинг – **18**.

Жарандардын кайрылууларын кароо.

2026-жылдын 9-айына карата бөлүмгө келип түшкөн жарандардын кайрылууларынын жалпы саны **74** түздү.

Бардык **74** кайрылуу белгиленген мөөнөттө Кыргыз Республикасынын “Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө” Мыйзамын чегинде каралып, ар бири боюнча тиешелүү чаралар көрүлүп, керектүү учурларда комиссиялар түзүлүп, натыйжада жарандарга жооптор мыйзамда каралган тартипте жөнөтүлдү.

Ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун иштеп чыгуу багыты.

Учурда бөлүм тарабынан Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында кызыкчылыктардын кагылышуусун башкарууга байланыштуу бузуулардын реестри боюнча отчеттуулуктун формасын бекитүү жөнүндө буйруктун долбоору даярдалды жана Агенттиктин 2026-жылдын 14-августунда № 01-23/229 буйругу менен бекитилди.

Базаларды жана реестрлерди жүргүзүү боюнча маалымат

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 16-майындагы № 252 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик жарандык кызматтан жана муниципалдык кызматтан терс негиздер боюнча бошотулган адамдардын реестрин түзүү, жүргүзүү, өзгөртүү жана толуктоо тартибине ылайык терс негиздер менен бошотулган адамдардын реестри “E-kyzmat” системасы аркылуу ишке ашырылып келет.

2026-жылдын 9-айына карата терс негиздер менен бошотулган

адамдардын актуалдуу тизмесинде (Реестрде) **19** адам катталган жана мамлекеттик органдардын өздөрүнүн жазуу жүзүндөгү каттары менен тастыкталган. Реестрге киргизип каттоо үчүн тастыктоочу маалыматты күтүү абалында **33** адам турат. Аталган тизмеден талапка ылайык **54** адам чыгарылган.

2. Мамлекетке материалдык зыян келтирген мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматчылардын маалыматтык базасын жүргүзүү жана аны “E-kyzmat” системасы аркылуу ишке ашыруу иштери Санариптик өнүктүрүү бөлүмү тарабынан жүргүзлүүдө. Учурда мамлекетке материалдык зыян келтирген мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлердин (кагаз түрүндөгү) чогултулган маалыматка ылайык 39 адам бар. Маллыматка ылайык материалдык зыяндын жалпы суммасы: 15817264.63 сомду түздү, анын ичинен мамлекетке кайтарылган сумма: 2991940 сомду түздү.

Мониторнгдин жыйынтыгы боюнча мамлекеттик жарандык кызматчыларга жана муниципалдык кызматчыларга карата көрүлгөн тартиптик жазалар мисалы:

- Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин Чүй облустук статистика башкармалыгындагы текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча түзүлгөн маалымкатты кароонун негизинде Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин 2026-жылдын 16-февралындагы № 01-13/14 буйругу менен Аламүдүн райондук статистика филиалынын жетекчиси А.Н. Джукешовго **“эскертүү”** түрүндөгү тартиптик жаза колдонулган;
- Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин Бишкек шаардык статистика башкармалыгындагы текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча түзүлгөн маалымкатты кароонун негизинде Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин 2026-жылдын 26-февралындагы № 01-13/28 буйругу менен Бишкек райондук статистика филиалынын жетекчиси А.Д. Шакулов **“эскертүү”** түрүндөгү тартиптик жаза колдонулган;
- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу баалуу металлдар департаментиндеги текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча боюнча түзүлгөн маалымкатты кароонун негизинде мекеменин Этика комиссиясынын курамы жаңыланып, бекитилди. Эмгек акыга туура эмес кошулуп төлөнгөн үстөк акы кайта мамлекеттик бюджетке кайтарып алуу боюнча чаралар көрүлдү;
- Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясындагы текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча түзүлгөн маалымкатты кароонун негизинде ар бир кызматкерге карьералык пландоо түзүлдү. **Эмгек акыга туура эмес кошулуп төлөнгөн үстөк акы (22 миң 365 сом 59 тыйын) кайта мамлекеттик бюджетке кайтарып төгүлдү.** Кызматтык териштирүү жүргүзүлгөн материалдарга тиешелүү папкалар ачылды. Этика комиссиясынын курамы өзгөртүлдү;
- Кыргыз Республикасынын Президентинин Ысык-Көл облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлдүн аппаратындагы текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча түзүлгөн маалымкатты кароонун негизинде Аппараттын эки кызматкерин

(Н.Э. Барыктабасаова, Ж.С. Джумаева) башка бөлүмдөргө убактылуу иштөө жөнүндө буйруктар жокко чыгарылды. Жалпы кызматкерлердин өздүк кызыкчылыктар жөнүндө декларациялары дайындалып жана өздүк иштерине тиркелди. Квалификациялык талаптардын долбоору даярдалып, маулдашууга Агенттике жөнөтүлдү;

- Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиясындагы текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча түзүлгөн маалымкатты кароонун негизинде эмгек китепчелердин жана өздүк иштердин саны мамлекеттик кызматкерлердин санына туура келтирилди. **Туура эмес ыйгарылган класстык чендер боюнча буйруктар жокко чыгарылды**;

- Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Финансы рыногунун жөнгөө салуу жана көзөмөлдөө кызматындагы текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча түзүлгөн маалымкатты кароонун негизинде кадрдык бөлүмдүн башчысы А.А. Чорчоновго **“сөгүш”** тартиптик жазасы колдонулган, кадр ишине жоопту башкы адис Г.А. Ниязалиевага “Кызмат ордун төмөндөтүү” тартиптик жазасы колдонулган;

- Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигине караштуу Жарандарды чет өлкөдө ишке орношторуу борборундагы текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча түзүлгөн маалымкатты кароонун негизинде эмгек акыга кошулган үстөк өлчөмдөрү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык келтирилген. Конкурстук комиссиянын протоколу иш кагаздарын жүргүзүү боюнча Типтүү нускаманын талаптарына ылайык келтирилди.

Жогоруда жүргүзүлгөн текшерүүлөрдүн жыйынтыгы менен мамлекеттик жана муниципалдык кызмат жөнүндөгү мыйзамдардын талаптарын бузган жооптуу кызматчыларга карата 2026-жылдын 9-айында **5** тартиптик жаза колдонулган, анын ичинен:

- 3-эскертүү;

- 1-сөгүш;

- 1-кызмат ордунан төмөндөтүү.

Көрсөтүлгөн жыйынтыктар жүргүзүлгөн мониторингдердин бузууларды аныктоо боюнча, мыйзамдарды сактоо деңгээлин жогорулатуу жана мамлекеттик органдарда кызмат тартибин бекемдөө боюнча натыйжалуу механизм экенин көрсөтүп турат.